Чындыгында, Аллах силердин келбетиңерге жана байлыгыңарга карабайт, бирок жүрөгүңөргө жана иш-аракетиңерге карайт

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Чындыгында, Аллах силердин келбетиңерге жана байлыгыңарга карабайт, бирок жүрөгүңөргө жана иш-аракетиңерге карайт».

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Тааланын пенделеринин келбеттерине, алардын денелерине, алар сулуубу же сулуу эмесби, бул чоңбу же кичинеби, же ден соолугу тазабы же оорулуубу? - деп карабай турганын баяндады. Жана Аллах алардын акчасынын аз же көп экендигине карабайт. Аллах Таала пенделерин бул иштерден жана алардагы айырмачылыктары үчүн аларды азаптабайт. Бирок Аллах алардын жүрөктөрүнө жана жүрөктөрүндөгү такыбалыкка, ишеничке, чынчылдыкка, ыкластуулукка, же жоро көрсүн жана эл уксун деген максатына карайт.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/4555